КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**№ 13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоону дайындоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 3-декабрындагы № 161 токтому менен № 13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун натыйжалары анык эмес деп таанылган.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 38, 63-беренелерине ылайык, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

1. № 13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоо 2026-жылдын 1-мартына, жекшембиге, дайындалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) кайра шайлоону даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл болгон финансылык каражаттарды Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чыгымдар сметасына ылайык бөлүп берсин;

2) кайра шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде мыйзамдуулукту, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, ошондой эле коомдук тартиптин сакталышын камсыздоо боюнча чараларды көрсүн;

3) Кыргыз Республикасынын калкынын бирдиктүү мамлекеттик реестринин негизинде шайлоочулардын так тизмелерин түзүү үчүн анын маалыматтарын тактоо боюнча чараларды көрсүн;

4) реалдуу убакыт режиминде (онлайн) шайлоочуларды идентификациялоо системасын жана байланыш каналдарын уюштурууну жана иштешин камсыз кылсын;

5) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына шайлоо процессинде колдонулуучу маалыматтык электрондук системалардын киберкоопсуздугун камсыздоодо, ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы, ошондой эле мыйзамдарда аныкталган маалыматтарды берүү процесстерин жүргүзүү үчүн үзгүлтүксүз жана коопсуз байланыш каналдары аркылуу маалымат алмашууда көмөк көрсөтсүн;

6) добуш берүү жана шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жабдуулардын коопсуз сакталышын камсыздоо боюнча чараларды көрсүн;

7) кайра шайлоону өткөрүүнү жөнгө салуучу мыйзамдардан келип чыгуучу башка иш-чараларды белгиленген тартипте ишке ашырууну камсыздасын.

3. Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын аппараты, № 13 округдук шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык № 13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштурсун.

4. Ушул токтом “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

5. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Шайназаров**

Бишкек ш., 2025-жылдын 30-декабры
№ 196

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**О назначении повторных выборов депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по многомандатному избирательному округу № 13**

Постановлением Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики от 3 декабря 2025 года № 161 результаты досрочных выборов депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по многомандатному избирательному округу № 13 признаны недействительными.

В соответствии со статьями 38, 63 конституционного Закона Кыргызской Республики «О выборах Президента Кыргызской Республики и депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики», руководствуясь статьями 4, 8 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики», Центральная комиссия по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики **постановляет:**

1. Назначить повторные выборы депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по многомандатному избирательному округу № 13 на 1 марта 2026 года, воскресенье.

2. Кабинету Министров Кыргызской Республики:

1) выделить необходимые финансовые средства для подготовки и проведения повторных выборов в соответствии со сметой расходов Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики;

2) в период подготовки и проведения повторных выборов принять меры по обеспечению законности, прав и свобод граждан, а также охраны общественного порядка;

3) принять меры по уточнению данных Единого государственного реестра населения Кыргызской Республики для формирования на его основе точных списков избирателей;

4) обеспечить организацию и функционирование системы идентификации избирателей в режиме реального времени (онлайн) и каналов связи;

5) оказать содействие Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики в обеспечении кибербезопасности информационных электронных систем, применяемых в выборном процессе, в обмене данными посредством системы электронного межведомственного взаимодействия, а также бесперебойных и безопасных каналов связи для проведения определенных законодательством процессов передачи данных;

6) принять меры по обеспечению безопасного хранения оборудования для голосования и идентификации избирателей;

7) обеспечить реализацию в установленном порядке иных мероприятий, вытекающих из законодательства, регулирующего проведение повторных выборов.

3. Аппарату Центральной избирательной комиссии Кыргызской Республики, окружной избирательной комиссии № 13 организовать подготовку и проведение повторных выборов депутатов Жогорку Кенеша по многомандатному избирательному округу № 13 в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

4. Настоящее постановление опубликовать в государственной официальной газете «Эркин-Тоо» и на официальном сайте Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики.

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на заместителя председателя Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики А.С. Жупуеву.

**Председатель** **Т. Шайназаров**

г. Бишкек, 30 декабря 2025 года
№ 196